КЫРГЫЗ-ТҮРК
«МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ
*Келечек колубузда!*

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE
MANAS ÜNİVERSİTESİ
*Gelecek Elimizde...*



# КАРЫЛЫК СОЦИОЛОГИЯСЫ

Харун Жейлан

Бишкек-2019

Карылык социологиясы
Харун Жейлан

*Келечек колубузда!* *Gelecek Elimizde...*

www.manas.edu.kg

ISBN 9967-9144-5-2
9 789967 914452

**Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин басылмалары: 259**
**Таанытуу китептер тизмеси: 13**

# КАРЫЛЫК СОЦИОЛОГИЯСЫ

**Харун Жейлан**

**Бишкек-2019**

УДК 316.3/.4
ББК 60.55
Ж 48

Рецензенттер: Проф., докт. Лайли Үкүбаева,
Проф., докт. Кусеин Исаев,
Проф., докт. Жамгырбек Бөкөшев

**Жейлан Харун**
Ж 48 **Карылык социологиясы.** Б.: 2019. – 148 б.

ISBN 978-9967-9144-5-2

Бул эмгекте карылык, картаюу жана социалдык картаюу өңдүү темалар менен бирге карылар тушуккан социалдык маселелер, карылык боюнча теориялар жана карыларга көрсөтүлгөн кызматтар карылык социологиясы өңүтүнөн каралды.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Башкаруу кеңешинин № 2018-21.162 чечими боюнча басылды. Басууга 12.07.2018 кол коюлду. Нускасы 200.
Көркөмдөгөн: Жошкун Кала
Мукабадагы сүрөттөр: Фахри Тархан
КТМУнун Басмакана бөлүмү. Бишкек ш., Жал к.р., КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусу.

Yaşlılar Sosyolojisi
Hazırlayan: Harun CEYLAN
Kapak Tasarımı: Coşkun KALA
Kapaktaki Fotoğraflar: Fahri TARHAN
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Yönetim Kurulu’nun 12.07.2018 tarih ve 2018-21.162 Nolu kararı ile basılmıştır.
KTMÜ Cengiz AYTMATOV Kampüsü, Cal, Bişkek.

Ж 030303000019 УДК 316.3/.4
ББК 60.55
ISBN 978-9967-9144-5-2
**© КТМУ, 2019**

## МАЗМУНУ


**КИРИШ СӨЗ .................................................................................. 5**

**1-бөлүм: КАРЫЛЫК ЖАНА КАРТАЮУ ................................................ 7**

1.1. Карылыктын түрлөрү ........................................................ 12

1.1.1. Хронологиялык карылык ................................................ 13

1.1.2. Биологиялык карылык .................................................... 14

1.1.3. Психологиялык карылык ................................................ 16

1.1.4. Социалдык карылык ....................................................... 18

1.2. Карылыкка байланыштуу теориялар .................................... 20

1.2.1. Жашоодон алыстоо теориясы (Көңүлкоштук теориясы – Disangagement Theory) ..................................................... 22

1.2.2. Иш-чаралар теориясы (Activity Theory) ............................ 25

1.2.3. Үзгүлтүксүз уланууу теориясы (Continuity Theory) ................ 28

1.2.4. Рол жоготуу теориясы (Rol Exit Theory) ............................ 29

1.3. Карылыкта жарала турган маселелер ................................... 30

1.3.1. Физиологиялык көйгөйлөр ............................................. 32

1.3.2. Психологиялык көйгөйлөр ............................................. 34

1.3.3. Социо-экономикалык көйгөйлөр ..................................... 34

1.3.3.1. Карылык жана үй-бүлө ............................................. 36

1.3.3.2. Карылык жана институттук (мекеме) жардам .................. 40

1.3.3.3. Карылык жана жалгыздык ......................................... 46

1.3.3.4. Карылык басмырлоосу (Эйджизм) ................................ 49

1.3.3.5. Карылык жана пенсия курагы ..................................... 50

1.4. Демографиялык картаюу жана карылыктын социалдык көйгөй болуусу ............................................................................ 54

1.5. Карылык жана Коомдук жыргалчылыктын мамлекети .............. 60

**2-бөлүм: КООМДУК КАРТАЮУ ЖАНА КАРЫЛЫК СОЦИОЛОГИЯ-СЫ ..................................................................................... 74**

2.1. Киришүү ........................................................................ 74

2.2. Түшүнүк алкагы ............................................................. 75

2.3. Корутунду ..................................................................... 83

**3-бөлүм: КООМДУК БААЛУУЛУКТАН КООМДУК КӨЙГӨЙГӨ КАРЫЛЫК: САЛТТУУ КООМДОН ЗАМАНБАП КООМГО КАРАЙ ӨЗГӨРҮЛГӨН КАРЫЛЫК ТҮШҮНҮГҮ. .... 84**

3.1. Киришүү .... 84

3.2. Карылыктын коомдук мааниси .... 86

3.3. Байыркы убактарда карылык жана карылык түшүнүгү .... 90

3.4. Модерн дүйнөдө карылар жана карылык тууралуу түшүнүк .... 93

3.5. Карылардын социалдык бир көйгөй катары пайда болушу .... 98

3.6. Корутунду .... 102

**4-бөлүм: КООМДУК ЖЫРГАЛЧЫЛЫКТЫН МАМЛЕКЕТИ ПЕРСПЕКТИВАСЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИК ЖАНА ДЕМОГРАФИЯЛЫК УЛГАЮУ: ЭСЕНЛЕР РАЙОНУНУН МИСАЛЫНДА .... 105**

4.1. Киришүү .... 105

4.2. Коомдук жыргалчылыктын мамлекети жана коомдук картаюу .... 108

4.3. Демографиялык картаюу жана Түркия .... 111

4.4. Эсенлер районунун мисалында картаюу процесси .... 117

4.5. Жергиликтүү бийлик жана кары-картаңдарга социалдык кызмат көрсөтүү .... 121

4.6. Жыйынтык .... 122

**5-бөлүм: КАРТАЙЫП БАРАТКАН ТҮРКИЯДА КАРЫ-КАРТАҢДАРДЫ КАРОО КЫЗМАТТАРЫНА БОЛГОН МУКТАЖДЫК, КАРЫЛАРГА КАМ КӨРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН МААНИСИ .... 125**

5.1. Киришүү .... 125

5.2. Дүйнө жүзүндө жана Түркияда демографиялык картаюу .... 126

5.3. Картайган калк жана карыларды кароого болгон муктаждык .... 129

5.4. Карыларга кам көрүү программаларынын азыркы абалы жана маселелери .... 131

5.5 Жыйынтык жана сунуштар .... 137

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР .... 139**

## 1-бөлүм:
## КАРЫЛЫК ЖАНА КАРТАЮУ[1]

Адамдын өмүрү балалык, жаштык, орто курак жана карылык сыяктуу белгилүү баскычтардан турат. Жашоонун бул баскычтарын бири-биринен канчалык деңгээлде так ажыратууга мүмкүн болбосо да [Altan ve Şişman, 2003, s.5] орто курактан кийин келген карылык дагы өмүрдүн башка баскычтары сыяктуу эле табигый, баарына бирдей келүүчү чындык [Abay, 2007, s. 270], ошондой эле адамзат жашоосунун эң сезимтал мезгили болуп саналат [Kahramanoğlu, 1999, s.290].

Адамдын өмүрүндө табигый келе турган убак болуп эсептелген карылык түшүнүгүнө аныктама берүү - татаал нерсе. Себеби карылыкты так аныктоочу критерийлер жок [Amman, 2007, s. 165]. Ошондуктан карылыкка берилген аныктамалар мезгилге, адамга жана коомго жараша өзгөрүп турат жана карылык салыштырмалуу түшүнүк катары кабыл алынат [Yıldız, 2012, s. 335].

Карылык түшүнүгү жалпы жонунан индивиддин белгилүү бир жаш куракка келиши катары белгиленет. Бирок бул аныктама социо-маданий чөйрөгө жана мезгилге жараша ар кандай болуп өзгөрөт [Görgün Baran ve ark., 2005, s.27].

Карылыкка байланыштуу так бир аныктама жана критерийлер болбосо да, карылык жашы деп эң объективдүү түрдө 65 жаштан жогорку жаштагыларды айтууга болот [Amman, 2007, s. 165; Bilir, 2004, s.11].

Карылыктын башталышы катары 65 жаштын эсептелиниши Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюму тарабынан кабыл алынган классификацияга чейин эле болгон. Аталган жашты карылыктын башталышы деп эсептөө Бисмарктын мезгилине барып такалат [Arpacı

ve Ersoy, 2012, s. 453; Koşar, 1996, s.5; Onur, 1997].

Карылыктын башталышын физиологиялык жактан аныктоо кыйынга турат, ал эми психологиялык жактан аныктоо таптакыр мүмкүн эмес [Pekcan, 2000, s. 51]. Ошондуктан карылыктын башталышын хронологиялык жаш боюнча алып карадык. Бирок бул да карылыктын башталышын аныктоодо жетишсиз экендигин айта кетүү керек. Себеби бирдей жаш курактагы адамдардын физиологиялык, психологиялык жана социалдык абалдары бири-биринен абдан айырмаланып турат.

Карылык – жетилүү жана жаштык курактарынан кийин келүүчү, айлана-чөйрө менен генетикалык түзүлүштүн өз ара таасирлешүүсү туу чокусуна жеткен, физиологиялык жана руханий өзгөрүүлөрдүн пайда болгон мезгили [Pekcan, 2000, s. 51]. Бул өңүттөн алып караганда картаюу менен карылыктын башталыш мезгилдери бири-биринен айырмаланат. Картаюу процессинин башталышы карылык мезгилинен мурда келет. Өзгөчө карылыктын белгилери картаюу мезгили (60 же 65 жаш) башталганга чейин деле байкалат. Ошондуктан картаюу процесси менен карылыкты бири-биринен ажыратып кароо керек [Akçay, 2011, s. 11-12].

Картаюу төрөлгөндөн тартып өлгөнгө чейин уланган өсүү процессин түшүндүрөт. Ал эми карылык – картаюу процесси боюнча өсүп-жетилүүнүн артынан келип чыккан өзгөрүүлөрдү камтыган мезгил [Gönen ve Hablemitoğlu, 2001, s. 175]. Башкача айтканда картаюу төрөлүү менен башталып өлүм менен аяктаган физиологиялык процессти түшүндүрсө, ал эми карылык – мезгилге жана коомго жараша өзгөрүп турган белгилүү бир жаштан жогорку (негизинен 65 жаш) адамдардын тобун түшүндүргөн мезгил [Görgün Baran ve ark., 2005, s. 24; Onat, 2001, s. 192].

Карылык картайган учурду билдирсе, картаюу хронологиялык, биологиялык, экономикалык, патологиялык, психологиялык жана социалдык тармактардын ирээти менен өзгөрүү процессин түшүндүрөт [Abay, 2007, s. 269, 2011, s. 10; Bayraktar, 2004, s. 99'dan akt., Akçay, 2011, s.11]. Бирок жогорудагы өзгөрүүлөр ирээттүү эмес адамга жараша өзгөрөт .

Картаюу - жашоонун аягына көздөй жол алуу. Ал эми карылыкты белгилүү бир мезгилди туюнткан түшүнүк жана бул мезгил өмүрдүн акыркы учуру [Akçay, 2011, s. 11], же болбосо «активдүү жана аң-сезимдүү жашоонун башаты» [Gökçe Kutsal, 2004, s. 6] деп айтууга

болот. «Кары – идентификация, картаюу – процесс, ал эми карылык – картаюу процессинин соңунда башталган мезгил» деп аныктама берүүгө болот [Görgün Baran ve ark., 2005, s. 24], башкача айтканда, картаюу төрөлүүдөн баштап өлүмгө чейин созулган мезгилди билдирсе, карылык жашоонун акыркы этабы болгон убак.

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму карылыкка «айлана-чөйрөнүн ар кандай факторлоруна туруштук берүү жөндөмүнүн азайышы» деп аныктама берет жана 65 жаштан жогору жашты карылык деп эсептейт. Бирок кээ бир изилдөөлөрдүн натыйжасында 55-65 жаштагылар менен 65 жаштан жогоркулардын жашоо образдары бири-биринен анчалык деле айырмаланбагандыгы аныкталган. Ошондуктан айрым өлкөлөрдө карылыктын минималдуу чеги 55 жаш деп кабыл алынган [K. Canatan, 2001, s.213].

Карылык жашоонун башка этаптары сыяктуу эле табигый, боло турган жана бардык адамдарга бирдей таандык болгон кубулуш. Карылык адамдын тукум куучулук өзгөчөлүктөрүнө, тамактануу жана жашоо-шартына жараша эрте же кеч, көйгөйлүү жана аз көйгөйлүү болот. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму 45-59 жаш ортосундагыларды орто жаш, 60-74 жаш ортосундагыларды карыгандар, 75-89 жаш аралыгындагыларды өтө кары, 90 жаштан жогоркуларды улгайгандар деген категорияларга бөлөт. Бирок биологиялык жактан мындай бөлүштүрүүгө мүмкүн эмес болгондуктан жогорудагы категорияларды да так жана өзгөрбөй тургандыгын айтуу кыйын [Altan ve Şişman, 2003, s. 5; Arpacı, 2005, s. 16-17; DPT, 2007, s. 10].

Дагы бир классификацияга ылайык 64 жаштын аягы 65 жаштын башталышы карылык деп кабыл алынат жана үч этапка бөлүнөт: 65-74 жаш *эрте карылык,* 75-84 *орто карылык,* 85 жаштан жогору *өтө карылык*. *Карылык* деген сөз өнүккөн өлкөлөрдө колдонулбайт [Tümerdem, 2006, s. 195].

Неугартен (Neugarten) 65-74 жаш ортосундагы карыларды *жаш картаңдар*, 75-84 жаш ортосундагыларды *орто картаңдар*, 85-90 жаштан жогорку жаштагыларды *өтө картаңдар* деп бөлүштүргөн. Буга 100 жаштан жогоркуларды да кошууга болот [Kalınkara, 2011, s. 3; Koşar, 1996, s. 4]. Себеби бүгүнкү күндө Европа өлкөлөрүндө жашы 100 жаштан өткөндөрдүн саны олуттуу деңгээлге жетти.

Физикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша карыларды төмөндөгүдөй үч бөлүккө бөлүүгө болот [Karataş, 1992’den akt., Çakır, 2004, s. 8]:

1- Өзүн-өзү карай ала турган ден соолугу чың *көз карандысыз карылар*

2- Адистердин жардамына муктаж *жарым-жартылай көз каранды карылар*

3- Дайыма кароого муктаж *толук көз каранды карылар*

Адамдын жаш курагы «балалык», «жаштык» жана «карылык» деген негизги үч топко бөлүнүп анализденет. Бул топторго бөлүштүрүү ар кандай критерийлерге негизделип, балалык куракка 0-14 жаштагылар, жаштарга 15-64 жаш курагындагылар, ал эми карыларга жашы 65 жаштан жогоркулар кирет [Arpacı, 2005, s. 26]. Бирок адам өмүрүнүн баскычтарын так аныктоого мүмкүн эмес [Altan ve Şişman, 2003, s. 5].

Адамдын өмүрүнүн орточо узактыгы 55 жаш деп эсептелген өлкөлөрдө карылыктын башталган мезгили катары 55 же 65 жашты белгилөө мүмкүн эмес. Ошондуктан дүйнөдө картаюунун башталышы негизинен хронологиялык жаш менен чектелсе да, картаюунун бардык адамдарга бирдей келе турган орток критерийлери бар деп айтууга мүмкүн эмес [Abay, 2007, s. 269]. Себеби бул мезгилде пайда болгон биологиялык, психологиялык, физикалык жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр адамдардын мүнөзүнө, жүрүм-туруму жана кабыл алууларына жараша айырмаланышы мүмкүн [Gönen ve Hablemitoğlu, 2001, s. 175].

Дагы бир аныктама боюнча карылык – физикалык жана руханий күчтүн кайтарылгыс түрдө жок болушунан улам ички жана тышкы тең салмактуулукту кармоо күчүнүн алсырашы [Bilginer ve ark., 1996, s. 168-171'den akt., Danış, 2009, s. 68] катары маалым. Себеби карылык саламаттык жана социалдык шарттардын жакшыртылышы менен бир аз кечиктирсе боло турган, бирок баары бир башка түшө турган мезгил (аягы) болуп саналат [Cangöz, 2003, s. 45]

Ошондуктан Аристотель: «оору – мезгилсиз келүүчү карылык, ал эми карылык – табигый оору» деп айткан [Er, 2009, s. 134]. Бирок адамдын картайган сайын денесинин алсырашы табигый мыйзам ченемдүү көрүнүш, ошондуктан аны оору катары кабыл алууга болбойт. Анткени карылык бардык адамзатка мүнөздүү, ал эми оору кээ бир адамдарга гана [İ. Tufan, 2012, s.114].

Карылыкты оору деп эсептегендер адамдын түбөлүккө жашай

алаарына жана бул ооруну көзөмөлдөөгө болооруна ишенишет [Arpacı, 2005, s. 16]. Картаюуга бөгөт коё албайсың жана андан качып кутула албайсың. Бирок картаюуга бөгөт коё албасак да, оорулардын алдын-алып, дени сак жашоо аркылуу өмүрдү узартууга болот [Bekaroğlu, 1991, s. 101].

Жалпылап айтканда, карылык - кандайдыр бир патологиялык көрүнүш же оору эмес, ар адамдын башына келе турган табигый кубулуш, бирок бул жаш курагына мүнөздүү ар кандай оорулардын бар экендиги анык [Adasal, 1997'den akt., Emiroğlu, 1995, s. 20]. Картаюу организмдин барган сайын алсырашынан келип чыгат [Onur, 1997, s. 263]. Жашоонун тынбаган агымына байланыштуу организмде ар кандай жоготуулар болот, бирок анын ылдамдыгы ар бир адамда ар башкача ишке ашат [Gökçe Kutsal, 2012, s. 7]. Карыган кезде пайда болгон организмдин картаюусу түрдүү факторлордун таасиринен улам келип чыгат. Бул багыттан алганда карылык түшүнүгүн хронологиялык жаш менен алып кароо гана аны ар тараптуу ачып бере алат.

Арпажынын берген түшүндүрмөсүнө ылайык [2005, s. 16] *картаюуга* жана *карылыкка* таасир берген факторлор төмөнкүлөр:

1. **Тукум-куучулук (генетикалык):** Эгер адам жаш көрүнсө жана кеч картайган үй-бүлөдөн чыкса анда бул жакшы көрүнүш;

2. **Айлана-чөйрө:** Жашоо-шарттын татаалдыгы жана начар тамактануу сыяктуу факторлор адамдардын тез картаюусуна себеп болот;

3. **Оору:** Азап тарттырган жана алсыраткан оорунун болушу бул жаман көрүнүш;

4. **Сезимдер (Эмоцианалдык абал):** Дайыма кайгы жана трагедиялык абалдарга дуушар болгон адамдардын жашоосунда да боштук калат.

Аталган факторлордон тышкары картаюу процессине түздөн-түз таасир эткен дагы бир фактор бул - медицинанын жана технологиянын өнүгүшү. Ошондуктан карылыктын чегин белгилөөдө «жаш» критерийинен башка критерийлерди дагы эске алуу керек. Бул жааттан алганда карылык түшүнүгү - адам баласы өзүн изилдеп

фактор. Бирок муну менен катар кызыккан тармагы, максаты, келечекке болгон пландары жана үмүтү жок карылар көбүрөөк жалгыздыкты сезишет. Карылыкта жалгыздык көйгөйүн чечүү үчүн карылыкка байланыштуу мамилелердин өзгөрүүсү менен биргеликте карыларды кызыктыруучу тармактар жана максаттар аныкталышы таасирдүү болуп саналат [Akçay, 2011, s. 104-105].

**1.3.3.4. Карылык басмырлоосу (Эйджизм)**

Курактык басмырлоо (agediscrimination) адам баласынын орток өзгөчөлүгү болгон “жаш курагынын” себебинен улам, ошол топтун башка баалуулуктары эске алынбастан, аларга карата бөлүп-жаруучу түшүнүктөрдүн жана мамилелердин пайда болушу болуп саналат [Altan ve Şişman, 2003, s. 20]. 1969-жылы Роберт Бутлер тарабынан сунушталган “ageism” (карылык басмырлоосу) термини, карыларга карата расалык жана жыныстык бөлүнүүгө окшош маанидеги идеология болгондугу да айтылат. Карылык басмырлоосу - “Ageism” башка келекелөөлөрдөн, башкача айтканда “измдерден” (расизм, сексизм сыяктуу) дегеле жаш курагынын туруктуу болбогондугу жана ар бир адам эрте каза болбосо эле картайып, карылык доорун басып өтүшү менен өзгөчөлөнөт. Тактап айтканда, ар бир адам бир күнү картаят жана ошондой эле жашы улгайгандыктан улам басмырлоого кабылат. [Woolf,t.y.].

Бардык элдерде, коомчулуктарда карыган адамдарга карата жогорку деңгээлдеги сый [Konak ve Çiğdem, 2005, s. 36] мамиле кылышат деп айтылганы менен, өнүккөн өлкөлөрдө мындай нерсе жок. Керек болсо, айрым өнүккөн өлкөлөрдө кары-картаңдарга болгон басмырлоо фанатизм деңгээлине жеткен. Басмырлоо айрыкча жумуш чөйрөсүндө, саламаттык сактоо тейлөөлөрдө жана социалдык калыптанган түшүнүктөрдө учуроодо. Көбүнчө өзүн жабык көргөзгөн кары-картан басмырлоосу өзгөчө иш чөйрөсүндө жана ишке алуу мезгилинде пайда болууда. Жеке менчик иш каналарында көп кездешкен мындай абалдын жыйынтыгында улгайган адамдар бара-бара эмгек рыногунун сыртына түртүлүп жатат [Altan ve Şişman, 2003, s. 12, Clarke, 1994, s. 104’ten akt., Altan ve Şişman, 2003, s. 20].

Батыш коомчулугунда социалдык мүмкүнчүлүктөрдүн көптүгүнө карабастан, социалдык теңсиздик көйгөйүнүн негизинде коомдун карылыкка жана карыларга карата кылган бул терс маанайлары алда канча таасирдүү болууда. Ошондуктан өнүккөн өлкөлөрдө улгайгандар моралдык жактан болсун, же материалдык жактан

## 2-бөлүм:
## КООМДУК КАРТАЮУЖАНА КАРЫЛЫК СОЦИОЛОГИЯСЫ[2]

### 2.1. Киришүү

Илимий-техникалык прогресстин кескин өсүшүнүн натыйжасында өндүрүү менен колдонуунун ортосундагы мамилелердин алмашышы, тездик менен жүрүп жаткан урбандашуунун артышы жана миграция кыймылдарынын көбөйүшү, адамдардын жашоо образынын жана күнүмдүк адаттарын баштан аяк өзгөрүлүп кетишине алып келүүдө. Айрыкча, аялдардын соода-сатыкка аралашуусу, медицина менен технологиянын жаңылыктардын негизинде төрөлүүнү көзөмөлдөө методдорунун коомдо кеңири таралуусу, адам өмүрүнүн узарышы сыяктуу себептер коомдун демографиялык түзүлүшүн тереңден өзгөрткөн. Башкача айтканда, соңку жүз жылдыкта, төрөлүү көрсөткүчүнүн азайышы жана адам өмүрүнүн узарышы коомдогу кары-картаңдардын санынын көбөйүшүнө алып келген. Натыйжада дүйнө калкы кескин түртө картая баштаган.

Жалпы калк ичинде кары-картаңдардын санынын артышы жана орто жаш курактын барган сайын жогорулашы менен кошо карылык түшүнүгү социологиялык өлчөмгө айланып, жеке адамдын картаюусу эмес, коомдун картаюусун туюндурган «коомчулуктун картаюусу» же болбосо «демографиялык картаюу» түшүнүктөрү актуалдуулукка ээ болууда. Ушул тараптан демография, медицина, психология, геронтология, гераиатрия, социалдык саясат жана социалдык кызмат сыяктуу түрдүү дисциплиналар тарабынан ар кандай өңүттөр менен каралган карылык түшүнүгү социология илиминин изилдөө объектилеринин бирине айланган.

## 2.2. Түшүнүк алкагы

Оболу, аялдардын жумуш чөйрөсүндөгү басымдуулугу жана урбандашуу менен бирге жашоо шарттарынын, ден-соолукту тейлөө кызматынын жакшырышы сыяктуу себептерден улам өнүккөн Европа өлкөлөрүндө, индустриялдашуу процесси менен кошо өзгөрүлгөн коомдук баалуулуктардан жана нормалардан пайда болуп, социалдык проблема катары каралган “коомчулуктун картаюу фактысы” [Tufan, 2001, s.30] барган сайын глобалдык мааниге ээ болуп, тек гана өнүккөн өлкөлөрдүн эле эмес, өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин да көңүлүн бурдурган проблемага айланган.

Эң алгач өнүккөн өлкөлөр башында турган бардык дүйнө мамлекеттери каршы күрөшүп келаткан бир факты катары белгилүү болгон демографиялык картаюу фактысы – бир эле жеке адамдын же болбосо үй-бүлөнүн эмес, мамлекеттердин жана жалпы дүйнө коомчулугунун келечегине таасир берген социалдык проблемага айланышына себеп болгон [Ceylan, 2015 a, 224-бет].

Карылык фактысы өзүнчө бир проблема болуп каралбаганы менен, коомдук/демографиялык картаюу олуттуу маселе катары бааланууда. Ошондуктан коомдун демографиялык түзүлүшүндө пайда болгон өзгөрүш менен кошо мамлекеттин, социалдык коопсуздук, ден-соолук жана сервистик кызматтардын чыгымы жана кызмат көрсөтүү маселесинде бир нече проблемаларга туш болушу, бул проблемаларды аттап өтүү процессинде пайда болгон финансылык чыгашалардын да жалпы коомчулукка жүктөлүшү – коомдук картаюунун социалдык маселеге айланышынын түпкү себептеринин бири катары көрүлүүдө. Бул мааниде, айрыкча «Жалпы жыргалчылыктын коомдорунда» социалдык мамлекеттин келечеги, глобалдашуу жана неолибералдык саясаттын контекстинде жүрүп жаткан талаштардын чордонунда коомдук картаюуга себеп болгон социо-экономикалык проблемалардын болгондугу байкалууда.

Коомдук картаюу процесси менен кошо ден-соолук, социалдык жардам, социалдык тейлөө жана пенсиялык сарптоолор көбөйүп жатат. Натыйжада аз сандагы жумушчу катмардын, барган сайын саны жогорулаган картаң пенсионерлердин жүгүн моюнга алууга мажбур болуу менен бирге, социалдык коопсуздук системасынын үзгүлтүксүздүгү коркунучка кабылууда. Бул абал жумушчулар башында турган бардык жарандар үчүн карылык фактысынын күндөн-

## 3-бөлүм:
## КООМДУК БААЛУУЛУКТАН КООМДУК КӨЙГӨЙГӨ КАРЫЛЫК:
## САЛТТУУ КООМДОН ЗАМАНБАП КООМГО КАРАЙ ӨЗГӨРҮЛГӨН КАРЫЛЫК ТҮШҮНҮГҮ.[3]

### 3.1. Киришүү

Инсан жашоосунун табигый курагы болгон карылык: жакынкы жылдарга чейин аз сандагы адамдар гана жашап жете алган, өзгөчө бир баалуулук катары бааланса, азыркы учурда бардык адамдар үчүн эч тоскоолдуксуз жетүү мүмкүнчүлүгү бар, атын атаганда көйгөйлөр эске келген бир жаш курагы абалына келди.

Карылыктын бир "баалуулук" болуудан алыстап, "көйгөй" абалына келиши, түшүнүктөрдө пайда болгон өзгөрүү менен кошо түшүнүктөргө багыт берген социо-экономикалык өзгөрүүлөр менен да жакындан байланыштуу. Адамзат тарыхында жашоого жол көрсөткөн, ошондой эле эң маанилүү күч деп эсептелген билимдин маалымат кылымында адамдардын жашоосунун чордонунда болушу кары-картаңдардын коомдогу статусунун жана коомчулуктун карыларга болгон түшүнүгүнүн алда- канча өзгөрүшүнө алып келди.

Салттуу чарбачылык коомунда билимдин жана тажрыйбанын символу болгон "карылык" бир баалуулук катары каралса, модерндешүү менен бирге салттуу илим-билимдин маанисинин акырындап азайышы – карылыктын да бир "баалуулук" болуу өзгөчөлүгүнөн ажыратып, анын "кадыр баркынын" төмөндөөсүнө жол ачты.

Карылык курагынын бир топ көйгөйлөрдү өзү менен кошо пайда кылуусунун Себеби адам карыган учурда физиологиялык жана психологиялык жактан ар кандай жоготууларга учурап, карылык мезгилинин кыйынчылык коштогон жаш курагы болуп калуусуна

себеп болууда. Бирок карылыкта физиологиялык жана психикалык кээ бир жоготуулар жана көйгөйлөрдүн болуусуна карабастан каада-салты бекем кармалган элдерде улгайган адамдын социалдык статустарында олуттуу бир төмөндөө байкалбаган. Карылык коом жана мамлекет деңгээлинде социалдык бир көйгөй болуп эсептелген эмес.

Карылыктын коомдук бир көйгөй катары каралуусу модерндешүү менен кошо башталган. Салттуу чарбачылык менен алектенген элдерде билим жана тажрыйбанын символу деп белгиленген карылык, илимий-техникалык прогресстин өнүгүшүнөн кийин өзүнүн баркын жоготту. Анткени заманбап доор менен кошо карылык индивидуалдык жана коомдук өңүттөрүнөн чоң өзгөрүүгө кабылган.

Өмүрдүн узарышы жана төрөлүү санынын азюусу менен кошо, жалпы калктын ичинде улгайгандардын саны жана көрсөткүчү барган сайын көбөйүп, улгайгандар пенсияга чыгып, ошонун натыйжасында эмгек рыногунан алыстаган, коомчулукта экономикалык жактан өндүрүшкө салымы болбогон *керектөөчүлөр* маанисинде коомдун үстүндөгү бир *жүк* болуп түшүнүлө баштаган.

Өзгөчө ишке жарактуу жарандардын үстүнө болгон экономикалык басымдын себебинен, карылык социалдык бир көйгөй болуп эсептелип, бул көйгөйдү чечүү үчүн бир нече иштер жүргүзүлө башталган. Мамлекеттер тарабынан колго алынган иштер карылардын көйгөйлөрүнүн жоюлуусуна караганда, коомдун жана мамлекеттин карылык көйгөйү менен күрөшүү максаты үчүн ишке ашырылган.

Карылыктын жана карылардын инструменттештирилүүсү маанисине келген мындай кадам, улгайган адамдардын көйгөйлөрүн чечүүнү максат кылбастан карылык көйгөйүнүн жолго коюлушуна да көрүнөөрлүк салым кошкон жок. Анткени карылардын көйгөйлөрүн чечпей туруп, карылык көйгөйүнүн чечилүүсүн күтүү - маселеге рационалдуу жакындоо эмес. Карылык көйгөйүнүн жолго коюлуусу үчүн карылардын көйгөйлөрүн чечүүгө приоритет берилиши зарыл, Себеби карылыктын коомдук мааниде бир проблема болуп эсептелүүсүндө карылардын көйгөйлөрүнүн чечилбешинин да үлүшү бар.

Аталган изилдөө салт жөрөлгөлөрү басымдуулук кылган коомдон (технологияга чейинки коом) заманбап коомдорго (технологиядан кийинки коом) чейин кары-картаңдардын статусунда жана коомдун карылык тууралуу түшүнүгүндө кандай өзгөрүүлөр болду суроосунун

**5-бөлүм:**
# КАРТАЙЫП БАРАТКАН ТҮРКИЯДА КАРЫ-КАРТАҢДАРДЫ КАРОО КЫЗМАТТАРЫНА БОЛГОН МУКТАЖДЫК, КАРЫЛАРГА КАМ КӨРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН МААНИСИ[10]

## 5.1. Киришүү

Азыркы доордо дүйнө жүзүндөгү калктар тездик менен картаюуда, ааламдашуу алкагында пайда болгон демографиялык картаюу өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө көбүрөөк байкалат. Мына ушундан улам өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө кары-картандарга сунушталган медициналык кызматтары, кароо кызматтары жана социалдык кызматтардын актуалдуулугу күн сайын өсүп барат.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү тездик менен келип чыккан коомдогу өзгөрүүлөр менен катар нуклеардык үй-бүлөнүн кеңири жайылышы, салттуу баалуулуктардын жоголушу, урбандашуунун артышы жана аялдардын эмгек базарында күн санап көбүрөөк колдонула башталышы сыяктуу себептер карылардын үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан камкордукка алынышын кыйындатууда.

Мындан улам дүйнөдөгү тездик менен картайып бара жаткан өлкөлөрдүн катарында Түркияда коомдук өзгөрүүлөр менен катар профессионалдуу карыган адамдарды кароочу кызматтарга болгон муктаждык артты. Бирок Түркияда карыларга кам көрүүчү программалар жана мына ушул программаларды бүтүргөн карыларды кароочу кызматкерлер ар түрдүү көйгөйлөргө кабылаары байкалууда.

Бул жагынан алганда Түркиядагы демографиялык бурулуштан улам кары- картаңдардын санынын көбөйүшү жана алар муктаж болгон кароо кызматтарынын керек экендиги баса белгиленүү менен карыларга кам көрүүчү программалардын жана карыларды кароочу

кызматкерлердин көйгөйлөрү жана аталган көйгөйлөрдү чечүү жолдору сунушталат.

### 5.2. Дүйнө жүзүндө жана Түркияда демографиялык картаюу

Адам өмүрүнүн узарышы жана төрөлүүнүн азайышы менен катар дүйнө жүзүндө демографиялык бир бурулуш келип чыгууда. «Коомдук картаюу» же «демографиялык картаюу» деп аталаган бул процесс жалпы калктын ичинде кары деп эсептелген катмардын салыштырмалуу артышын билдирет.

Башкача айтканда калктын ичинде балдардын жана жаштардын санынын азайышы жана кары-картаңдардын салыштырмалуу түрдө көбөйүшүн көргөзгөн калктын картаюусу, калктын жаш критерийлеринде пайда болгон өзгөрүүнү түшүндүрөт [Devlet Planlama Teşkilatı, 2007: 5]. Мына ошондуктан калктын картаюусу катары сыпатталган коомдук картаю, аялдардын эмгек базарында колдонуунун жогорку көрсөткүчү, калктын көбүрөөк бөлүгүнүн шаарларда жашоосу, жашоо шарттарынын жакшы болушу, медициналык тейлөөнүн өнүгүшү сыякту себептер айрыкча өнүккөн «жыргалчылыктын коомдорунда» келип чыккан көрүнүш болуп саналат [Ceylan, 2013a: 1].

Муну менен катар азыркы учурда демографиялык картаюу глобалдык маанилүүлүккө ээ. Дүйнө жүзүндөгү калктардын 1990-жылы 9,2%ын 60 жаштан жогорку курактагылар түзсө, 2013–жылы бул көрсөткүч 11%га жеткен. Бул жагынан демографиялык картаюу процессинин кийинки жылдарда да уланаары, 2013-жылы 841 миллион болгон 60 жаш жана андан жогорку калктын 2050-жылы дагы эки миллионго көбөйүп дүйнө жүзүндөгү калктын 21%ын түзөөрү, айрыкча кары-картандардын санынын артышы өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө көбүрөөк байкалаары болжолдонууда. [United Nations, Department of Economic and Social Affairs, 2013: xii]

Башкача айтканда алгач өнүккөн өлкөлөрдө кездешкен демографиялык картаюу түшүнүгүнүн глобалдык бир маселе катары алдыдагы мезгилдерде айрыкча өнүккөн өлкөлөрдө көйгөйлүү маселеге айланаары күтүлүүдө. Өзгөчө демографиялык картаюунун өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө өнүккөн өлкөлөргө салыштырмалуу тездик менен пайда болушу жана бул жагынан өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн калкы даярдыксыз карылыкка туш болоору байкалат.

Анткени өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө калктын картаюусу өтө кыска убакта орун алууда.

Карыган адамдардын 7%дан 14%га чыгуусу үчүн керек болгон мөөнөт эске алынуу менен эсептелген картаюу ылдамдыгына жараша Франциянын 115, Швециянын 85 жана Австарлиянын 73 жылда өткөргөн картаюу процессин Кытай 27, Бразиля 21, Түркия болсо 15 жылда толуктайт. [Arun, 2013a’dan akt., Arun, 2014: 3]. Мына ушундан улам өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө 2013-жылда 9%ды түзгөн кары адамдар 2050-жылы 20%га жана 2100-жылы 30%га жетээри күтүлүүдө. [Arun, 2014: 2].

Дүйнөлүк картаюу процессинде түшүндүрүлгөн демографиялык өзгөрүү бардык өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгүдөй эле Түркияда да көбүрөөк байкала баштады. Жыргалчылыктуу коомдорго салыштырмалуу калктын негизги бөлүгүн жаштар түзгөндүгүнө карабастан Түркияда чындыгында кары-картаңдардын саны башка бир нече өлкөлөргө салыштырмалуу көптүк кылат. Бул жагынан алып караганда 2013-жылкы маалыматка караганда калктын 7,7%ын карылар түзгөн Түркияда картаюунун артаары жана бул көрсөткүч 2023-жылы 10%га, 2050-жылы болсо 20,8%га жетээри болжолдонууда. Башкача айтканда Түркия 2023-жылы калктын көбүн карылар түзгөн өлкөлөрдүн катарына кошулат. [Türkiye İstatistik Kurumu, 2013:1].

Буга утурлай өнүккөн өлкөлөрдө алдыдагы 90 жылда карылардын саны бир эсе көбөйсө, бул көрсөткүч Түркияда төрт эсе көп болоору күтүлүүдө. Ал эми жалпы дүйнө жүзүндө 60 жаш жана андан жогору жаштагылардын саны үч эсе, 80 жаш жана андан жогоркулардын беш эсе көбөйүүсү күтүлсө, Түркияда 80 жаш жана андан жогору жаштагылардын саны 2100-жылга чейин он эсе артаары күтүлүүдө. [Arun, 2014: 4].

**Таблица 10:** Түркиядагы калктын өзгөрмөлүү жаш түзүлүшү

| **1990** | | **баары** | **эркек** | **аял** | **баары** | **эркек** | **аял** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **баары** | **67.803.927** | **34.346.735** | **27.865.988** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| | 0-14 | 19.745.352 | 28.607.047 | 9.590.788 | 35,0 | 35,5 | 34,4 |
| | 15-64 | 34.265.838 | 17.334.960 | 16.930.878 | 60,7 | 60,6 | 60,8 |
| | 65+ | 2.417.363 | 1.091.142 | 1.326.221 | 4,3 | 3,8 | 4,8 |
| | **белгисиз** | **44.482** | **26.381** | **18.101** | **0,1** | **0,1** | **0,1** |
| **2000** | **баары** | **67.803.927** | **34.346.735** | **33.457.192** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| | 0-14 | 20.220.095 | 10.453.093 | 9.767.002 | 29,8 | 30,4 | 29,2 |